**УДК:81(575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-73-82**

**Калыбаева А.Б.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
anarkankalybaeva@gmail.com
**Адамалиева М.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
meerim.adamalieva@icloud.com

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ МАСЕЛЕСИНДЕГИ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨНҮН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

**Аннотация:** Макалада көрсөтүлгөн мындай тексттер менен иштөө реалдуу турмуштук кырдаалдардагы пикир алышууда студенттердин кептик корун өстүрүүдө өзгөчө мааниге ээ. Тилди окутуу сабактарынын өзгөчө дагы бир белгиси ал аркылуу элдин рухун, салт санаасын, тарыхын, эли жерин тааныштыруу коштолуп жүрүшү болуп эсептелет. Демек, тил адамдардын байланыш катышынын гана куралы эмес, ал улуттун рухун таанып билүүнүн да негизги каражаты.Буга далил катары макалада И.Раззаков кыргыз элинин байыркы тарыхын билүүгө зор салым кошуп, улуттун аң-сезиминин жогорулашына зор өбөлгө түзгөндүгү, алдыга коюлган милдеттерин орундатуу үчүн күрөшө билген майтарылгыс мүнөзгө ээ инсан экендигин ачып берүү каралган.

**Негизги сөздөр:** байыркы тарых, улуттук аң-сезим, инсан, улуу адамдык сапаттар, көп кырдуу талант, өмүр жол.

**Калыбаева А.Б.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
anarkankalybaeva@gmail.com
**Адамалиева М.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
meerim.adamalieva@icloud.com

## НЕКОТОРЫЕ СПОСОБЫ РАБОТЫ С ТЕКСТОМ В ЗАДАЧЕ ФОРМИРОВАНИЯ РЕЧИ

**Аннотация:** Настоящая статья подчеркивает важность работы с текстами в контексте обучения языку, особенно в свете их значимости для расширения лексического запаса студентов и их способности эффективно коммуницировать в различных реальных

обстоятельствах. Кроме того, основной акцент делается на том, что уроки по изучению языка не только обеспечивают приобретение языковых навыков, но и служат средством введения в культурный контекст, дух нации, исторические традиции и ценности. Таким образом, язык не только является инструментом для общения, но и ключевым компонентом для понимания и осмысления духовной сущности нации. В статье представлены аргументы, подтверждающие данное утверждение. Особое внимание уделяется роли И. Раззакова в изучении древней истории кыргызского народа, его вкладу в формирование национального самосознания, а также выявлению его характерных черт, проявляющихся в решимости достигать поставленных целей.

**Ключевые слова:** древняя история, национальное сознание, личность, многогранный талант, жизненный путь.

**Kalybaeva A.B.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I.Arabaev
Bishkek c.
anarkankalybaeva@gmail.com
**Adamalieva M.K.**
Instructor
Kyrgyz State University named after I.Arabaev
Bishkek c.
meerim.adamalieva@icloud.com

## SEVERAL METHODS FOR UTILIZING TEXT IN THE PROCESS OF DEVELOPING SPEECH SKILLS

**Abstract:** This article highlights the importance of working with texts in the context of language learning, especially in light of their importance for expanding students' vocabulary and their ability to communicate effectively in various real-world circumstances. In addition, the main emphasis is on the fact that language lessons not only provide the acquisition of language skills, but also serve as a means of introduction to the cultural context, the spirit of the nation, historical traditions and values. Thus, language is not only a tool for communication, but also a key component for understanding and comprehending the spiritual essence of a nation. The article presents arguments confirming this statement. Special attention is paid to the role of I. Razzakov in the study of the ancient history of the Kyrgyz people, his contribution to the formation of national identity, as well as the identification of his characteristic features, manifested in the determination to achieve their goals.

**Keywords:** ancient history, national consciousness, personality, multifaceted talent, life path.

Биз бүгүнкү сабагыбызда Исхак Раззаковдун көп кырдуу ишмердиги жөнүндө сөз кылабыз. (Өткөн сабакта айтылган боюнча) Силер үйдөн өз алдыңарча бул улуу инсан жөнүндөгү бир маалыматтар менен кеңири таанышып келдиңер деп ойлойм. Себеби, Мамлекетибиздин эртеңи эл тагдыры жаштардын колунда, Силердин колуңарда. Исхак Раззаковдун дүйнөнү башкаруудагы улуу сапаттары, акылгөйлүгү, тайманбастыгы, мыкты, терең билими. улуу адамдык сапаттары, көрөгөчтүгү жөнүндө терең үйрөнүү, билүү эч бирибизди кайдыгер калтырбайт деген ойдомун. Биз бул улуу адам жөнүндө билүүгө

милдеттүүбүз, бул биздин парзыбыз. (Студент өзүнө бир пайдалуу нерселерди сиңирет, туура ой калчап, турмушту туура баамдап үйрөнөт).

Ошондой эле сабактарда өтүлө турган тексттердин табиятында камтылып жаткан сырларын таап, ачып чыгуу , текст менен иштөөнүн түркүн жолдорун, жана иш жүргүзүүнүн башка ыкмаларын издөөгө түрткү берет.

Сиздердин назарыңыздарга Дүйнөлүк тилдер жана Эл аралык мамилелер багытында билим алып жатышкан студенттерге өтүлгөн “Белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Исхак Раззаков “ деп аталган сабактын айрым үлгүлөрү сунушталат.

Темага киришүү алдында студенттерге келечектеги эл аралык мамилелер ишмердигин аркалай турган адис катары ой жүгүртүүгө багыт берүү максатында тексттин маанисин чагылдырган тапшырмалар берилет.

а) Баатыр элден чыгат, байлык жерден чыгат.

б) Колдо бар алтындын баркы жок.

в) Дарак жемишинен таанылат, адам акылынан таанылат

г) Туулган жердин топурагы алтын.

д) Эл үмүтүн эр актар, эр атагын эл сактар

ж) Даанышман, белгилүү, улуу деген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр?

б) Кандай адамдарды ушундай сөздөр менен аташат экен?


в) Алар кимдер деп ойлойсуңар?/

Балдар, Демек биз бүгүн Исхак Раззаков жөнүндө айтат экенбиз.

Бул адам жөнүндө эмне билебиз?

Исхак Раззаков мамлекеттик жана коомдук ишмер болгон. Мамлекетти башкарган, эл үчүн ак кызмат кылган адамды биз көрүнүктүү адамдар ,тарыхый инсандар ,белгилүү адамдар дейт экенбиз.

Студенттер тарабынан берилген жооптор ар түрдүү болду. Мисалы: 1-студент түзгөн класстер.




Билими, маданияттулугу , адамкерчилиги артык адам.

Тапшырма: Берилген багыттар боюнча дагы эмнелерди кошумчаласак болот,кайсы маселелер камтылбай калган деп ойлойсуңар? (Студенттин ой жүгүтүүсү)

Мамлекетти башкаруудагы багыттар болот.

1. Тышкы саясий ишмердик: дипломатия, коргонуу, дүйнөлүк экономика, эл аралык кызматташтык.

2. Мамлекеттик ички тартип: мыйзам чыгаруу тартиби,коомдук коопсуздук,табигый кырсыктан коргоо, кризистүү жагдайды контролдоо.
3. Финансы жана экономика: бюджет жана аны кабыл алуу, салык алуу,жергиликтүү салыктарды
оңдоп-түзөтүү, баалуу кагаздар, макросаясат.
4. Элдин турмушу: коомдук саламаттыкты сактоо жана гигиена, пенсия менен камсыз кылуу, иш
менен камсыз кылуу, керектөөчүлөрдүн таламдарын коргоо, турак жай проблемасы, курчап
турган чөйрө.
5. Өлкөнүн территориясы: токойлорду коргоо,сууларды коргоо, жерди, абаны,жолдорду пайдалануу, транспорт, байланыш.
6. Өнөр жай: тамак-аш, энергетика, айыл чарбасы,токой өнөр жайы, суу чарбасы, тоо өнөр жайы.
7. Маданият: билим берүү, спорт, илим жана техника.

**Окутуучунун кириш сөзү:** Бүгүнкү биздин сабагыбыздын темасы өз өмүрүн кыргыз мамлекетинин түптөлүп кетишине арнаган инсан Исхак Разаков /жөнүндө болмокчу. Мамлекетибиздин эгемендүүлүккө ээ болуусу адабий-маданий мурастарды да таанууга зор мүмкүнчүлүк берди./ Ата-Бабадан бизге жеткен тарыхый мурастарды өз деңгээлинде кеңири пайдалануу, окуп үйрөнүү, Мисалы Исхак Раззаковдун өмүр жолун , ишмердигин алсак бул адамдын эл үчүн кылган баалуу иштерин даңазалоо, билүү биздин парзыбыз болууга тийиш./ Кылым карыткан кыргыз элибиздин улуттук дөөлөттөрү бай, руханий дүйнөбүз бай элбиз,
башкаларга окшобогон өзгөчөлүктөрүбүз бар азыр да ушундай мамлекетпиз./Исхак Раззаков сыяктуу белгилүү адамдар ушундай, бүгүнкүдөй жашообузду негиздеп , түптөп беришкен, жерибиздин бүтүндүгүн бизге мурастаган, жоопкерчилигибизди сезип, ар бир муун ушул мурастарды кийинки муундарга толугу менен төкпөй чачпай өткөрүп бериши керек. /дүйнө таануу туюмубуз кийинки кездерде материалдык байлыктын көлөкөсүндө дагы эле калып жаткансып туюлгандай [7.С.313.].

/Улут маселесин,улуттук тилди көтөргөн инсандарыбызды/н тамырына балта чабылып, жаагын жап кылып, моралдык-материалдык жактан/ жок кылуу аракеттери күч алган ошол убактар, /бир улуттун экинчи улуттан жогору коюлушу, тилдин өлүү коркунучу бир мезгилдерде күчтүү байкалгандыгы баардыгыбызга белгилүү. (Тарыхтан) / Элибизден чыккан руху бийик инсандар гана өз доорунун чыныгы жүзүн чындык аркылуу ачып көрсөтүү үчүн тайманбай күрөшүп келишкен. Заман тамырын тартып, эл тагдырына күйүп жашап, чындыкты, адилеттикти, элинин эркиндигин самап, ушул максаттарды аркалап жашоонун өзү эрдик болгон. /

/ Эл эртеңи эмине болот, анын азабы, Ата-журтунун тагдыры, карапайым кыргыз адамынын социалдык –экономикалык оор абалы, адам укуктарынын тебелениши, ошол доордогу жаштардын билимсиз калып жатышы, алардын инсан катары кемсинтилиши жана башка толуп жаткан көйгөйлөр, аларды чечүү үчүн туура нукка буруу аракеттери өңдүү маселелер Исхак Раззаковдун жашоосунун маңызын түзгөн десек жаңылышпайбыз./

/ Ар бир адамдын басып өткөн өмүр жолу, эмгеги, айлана-чөйрөдөгү адамдарга кылган мамилеси, турмуштагы орду менен бааланат. Биз сөз кыла турган белгилүү мамлекеттик ишмер Исхак Раззаковдун өмүр жолу түйшүктүү да, сыймыктуу да жана жемиштүү да болду

десек жаңылышпайбыз. Исхак Раззаков өз өмүр жолун, келечегин Кыргыз мамлекетинин түптөлүп кетишине арнаган инсан./ [4, 7 б]

**Тести окуп, бөлүмдөрдө камтылган маанилерди чечмелөө. И.Раззаковдун Ата-Мекенге өтөгөн зор эмгегин баалоо ар бирибиздин милдетибиз деген жазуусу бар плакатты сүрөтү менен илип коюу. Ролдоштурулган театр-форум тапшырмасын аткаруу.**

Ата:- Окуп ал, окутсам деген бир гана тилегим бар эле, көкүрөгүмдө күйүп, көңүлүмдөн өчпөй жүрөт.

Сен окугунуң, балам, адам тагдыры кагазда калар күн келди. Абдылда экөөбүздүн ортобузга бекиткен сөзүбүз ушул, сени окутуш болчу. Ошону аткаралы,- деди.

Автор:- Ата сөзүн макул кармады. Жолго чыгаар күнү Раззак кошуна жашаган тууганынан сапар азык болсун деп бир нан сурап алды. Жалдыраган жалгыз жолдо ээрчишкен ата-бала үмүт деген кургурдун кыл жибине байланып, жакшылыкка жан салып келе жатышты. Артта канча калды да, алдыда али канча жол бар экенин Исхак биле албайт, анын сыры атасына дайын. Бирок, Раззактын басышы барган сайын жайлап, кыймылы бошоп барат. Бир туруп көзү тунарып, буттары чалыштап, күндүн нуру сындырган куу арчадай денеси теңселе түшкөнсүйт.

Ата:- “Али көп бар, ушу ээн талаадан эптеп өтүп алсак, анан калганын койбойт элек, эл бар, журт бар дегендей унаалуу бирөө-жарым жолугуп, жолубуз бир болуп калгай эле?”

- Ме, балам, шашпай жеп ал. Кубат болот. Чарчадыңбы?
- Бир аз дем алалы, балам. Жол жүргөн адам эс алганы отурса, жол зарыгып чарчайт имиш. Жол чарчата жолго чыгалы,-деди.

Автор:- Жаны жер тартып турган Раззак жамбаштай калды. Башы жерге тиери менен каткан көзү илинип кеткенби, же талыкшыган дененин эркинен чыкпай, ойго алдырып ийдиби, айтор кыймылсыз.

Бала:- Ата! Атакебай!!! – Бала атасынын денесин кучактай калды. Сегиз жашар баланын жол боюнда зарлап – какшап атасын жоктогон үнү асман-жердин ортосунда жан сыздатып жаңырып, жалгыз түп өрүктүн өзөгүнө өрт болуп, тамырларын какшатып турду.

Ата! Атакебай! Көзүңдү аччы?! Ордуңдан турчу?!

Автор:- Үмүт минип, таалай издеп, дилинде жанган кубанычына сүйүнүп, Кудай буюраса окуйм деп өмүрүндө биринчи жолу балалык кубаныч менен жолго чыккан Исхак Молдо Абдылда таякесине

Атасынын сөөгүн алып, уккандын баарын ыйлатып, көргөндүн көөнүн сыздатып ыйлап келди. Арадан үч ай өткөн соң ата-бала тилегин ошо Молдо Абдылда аткарды. Исхакты Хожентке өзү алып барып, бүт баарын бүткөрүп, анан аны Хадича апанын колуна тапшырды. Ооба, Исхактын азандагы аты – Исак эле. Балдар үйүнөн ал Исхак атка конду. Кагазга атын түшүргөндөр ошондой жаздым жазышыптыр, ошо бойдон Исак аты айтылбай, Исхак болуп кетет.

1. Атанын тилеги кандай эле? - Окутсам.( баласына болгон тилеги) Атанын бир гана тилеги бар эле. Ал көңүлүнөн өчпөгөн тилеги эле.
2. Атанын чечими – Абдылда экөөнүн сөзү ушул. Сен окугунуң.
3. Ата сөзү - бала үчүн жазылбаган мыйзам.
4. Алардын узак жолго чыгаар алдындагы даярдыгы - бир нан, негизгиси атанын улуу үмүтү.
5. Жалгыз аяк жол: - ачка, ээрчишкен ата-бала.

6. Атанын ал – абалы : Раззактын басышы барган сайын жайлап, кыймылы бошоп, көзү тунарып, буттары чалыштап, куу арчадай денеси теңселет.
7. Атанын ой санаасы: “Али көп бар, ушу ээн талаадан эптеп өтүп алсак, анан калганын койбойт элек, эл бар, журт бар дегендей унаалуу бирөө-жарым жолугуп, жолубуз бир болуп калгай эле?”
8. Атанын камкордугу:- Ме, балам, шашпай жеп ал. Кубат болот. Чарчадыңбы? Бир аз дем алалы, балам. Жол жүргөн адам эс алганы отурса, жол зарыгып чарчайт имиш. Жол чарчата жолго чыгалы,-деди.
9. Чон турмушка биринчи кадам:- Арадан үч ай өткөн соң ата-бала тилегин ошо Молдо Абдылда аткарды.
10. Алгачкы турмуш жолундагы мээримдүү адамдар: Молдо Абдылда таякеси, Хадича апай.

Доклад окуу. Ролдоштурулган тапшырма . “ Исхак Раззаков жана кыргыз мамлекетинин түптөлөшү” деген темада студенттер даярдаган доклад. (Бул тапшырманы аткарууда эрежелер толук сакталат. Студенттер өзүлөрүн тааныштыра билишет. Окуган окуу жайынын аталышын туура айтышат. Келечек кесип ээси катары ой жүгүртө алышат)

Студент Кыргызстан КП БКнын биринчи секретарлыгынан чоң борбордун кара колу аркылуу бошотулганда санаага алдырам, убайымга чөгөм дебеген. Өзүн бүркүттөй бийик кармаган. “Кези келет,чындык кайрылат”,-деген. Бирок андай болбоду.

Убагында Өзбекстан КП БКнын секретары, Министрлер Советинин төрагасы, Өзбекстан КП БКнын биринчи секретары, кийин 1961-жылга чейин КПСС БКнын секретары, Саясий бюронун мүчөсү болгон.

Ал кыргыз улутундагы кадрларды даярдоого, Кыргызстандын элинин саламаттыгын жана турмуш тиричилигин жакшыртууга өзгөчө басым жасап, бул боюнча бир катар орчун иш-чараларды иштеп чыккан.

Натыйжада Кыргызстан КП БК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1957-жылдын 17-сентябрында “Республиканын мектеп окуучулары үчүн акысыз ысык тамак уюштуруу,” 1958-жылдын 29-майында “Жаш балдардын ооруларын азайтуу жөнүндөгү” ушул эле жылдын 18-28- августунда “Республиканын орус мектептерине кыргыз тилин окутууну киргизүү жөнүндө” жана Кыргызстан КП БКнын бюросунун “Республиканын жогорку жана атайын орто окуу жайларында кыргыз жаштарынан адистерди даярдоону жакшыртуунун иш чаралары тууралуу” деген токтомдору кабыл алынган. Анан бул иш чара улутчулдуктун айкын көрүнүшү катары бааланды.

Студент: 1960-жылы КПСС БКнын секретариатында “Кыргызстандын партиялык уюмунун кадрлар менен иштешүүсү жөнүндөгү” маселе каралган. Заседаниеде Исхак Раззаков доклад жасаган. Демейдегидей эле ишенимдүү, проблемалуу маселе коюп , кемчиликтер менен жетишкендиктерге токтолгон. КПСС БКнын инструктору Калинников кошумча докладчы катары даярдалып, ал Раззаков жетектеген Республиканын партиялык уюмунун ишин жалаң жердешчиликке берилгендик, улутчул катары баалайт. И.Раззаковдун а кездеги аброю күчтүү болгон, ошондуктан токтоосуз түрдө Калинниковдун докладында айтылган жалган маалыматтарга аткан октой түз, курч жоопторду берет. Баарынан да Раззаков буржазиялык-улутчул идеологиянын жанданышына жол берип жатат, буга Молдо Кылыч менен Касым Тыныстановго жасаган мамилеси мисал боло алат дегени катуу зээнин кейиткен.

КПСС БКнын секретары, саясий бюронун мүчөсү Ф.Козлов ошондо: “Вы хотите выглядеть лучше, чем Союзное правительство ... Мы сделаем так, чтобы Вы запомнили на всю жизнь, чтобы послужило уроком Вам, Вашим детям, внукам, правнукам, чтобы они никогда не нарушали Союзный закон”. деп сүйлөгөн. Кыргыз Республикасынын И.Раззаков баштаган жетекчилигин алмаштыруу жөнүндөгү маселе Саясий бюродо үч ирет коюлган болот. Ф.Козловдун кайра-кайра маселе коюп, көшөрүп туруп алышынан улам Н.С.Хрущев И.Раззаковдун кызматтан кетүүсүнө макулдугун берет. [2, 12б]

Студент: Ошондой эле Раззаков өтө интеллектуалдуу, кайратуу, активдүү уюштуруучу,эл үчүн иштөөнү ыйык сактаган адам болгон. Исхак Раззаковдун демилгеси менен Кыргызстанда алгачкы илимий мекемелер, борборлор, институттар ачылган, ири өнөр жай мекемелери курулган. Ал экономикалык чөйрөдө регионалдуу маселелерди чечүү жаатында республиканын полномочьесин кеңейтүү боюнча зор иштерди жүргүзгөн.1958-жылы18-28-августта Раззаковдун түздөн түз демилгеси менен “Орус мектептеринде кыргыз тилин окутуу” боюнча КПБКнын токтому чыккан. Раззаков Ата-Мекенин жанындай сүйчү, каза болгондон кийин бекеринен сөөгү Ата-Журтуна алынып келинбеген.КР Президенти Акаевдин демилгеси менен 2000-жылы бул улуу инсандын сөөгү Кыргызстанга алынып келинип, маркумдун арбагына куран түшүрүлүп, жерге берилген.

Кыргызстанда Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки оор иштерди аркалоо Исхак Раззаковго тапшырылганда ал 35 гана жашта болучу.

Студент: Балалык чагы. Өмүр жолу. Ишмердигинин алгачкы учурлары.

Раззаков 1910-жылы Баткен облусунун Хоросан айылында төрөлгөн. Балалык чагынан эле билимге умтулган. Орус, тажик, өзбек тилдерин суудай билген. 1931-жылы Ташкенттеги Агартуу институтун окуп бүткөндөн кийин мугалим болуп иштеген. Андан соң Москвага СССР Мамплан институтуна окууга жиберилген.

Ишмердиги:

Москвадан келгенден кийин Өзбекстан Эл Коммисарлар Советинин төрагасынын орун басары болуп иштеп, кийин Өзбекстан Компартиясынын БК Комитетинин секретардык кызматына көтөрүлгөн. Андан соң 1945-жылы Москванын тапшырмасы менен Кыргызстанга келип, республиканын партиялык мекемесин жетектеген.

Ата-Мекендик согуштан кийинки республиканын өнөр жайы, транспорт, айыл чарба, энергетикалык жана социалдык инфраструктурасын көтөрүү үчүн биримдүүлүк, тажрыйбалуулук гана талап кылынбастан, аналитикалык ой жүгүртүп, уюштуруучулук жөндөмдүүлүккө ээ болуп,патриоттук дух, кайрат күч менен иштөө керек эле. Мындай мүнөз, сапат Исхак Раззаковдо бар болчу. Бирок, Москванын чечимисиз Союздук республикаларда бир да маанилүү маселе чечилчү эмес. Раззаков мына ушундай кыйын, катаал шартта кыргыз жергесинин гүлдөп өнүгүшү үчүн жан аябай эмгектенип. Борбор алдында республиканын кызыкчылыгынын жолун таап коргоп калууда көп иштерди аткарган. [3, 13б.]

Аткарган иштери:

Улуттук интеллигенцияны өстүрүүдө,республиканын интеллектуалдык потенциалын жогорулатууда да анын ролу зор. Раззаков республиканын илимий потенциалын өстүрүүдө,атап айтсак, Илимдер Академиясын, КМУну, Политехникалык институтту, Кыргыз кыз- келиндер педагогикалык институтун, Ош, Пржевальск педагогикалык институттарын, Кыргыз дене-тарбия институтун ж.б.агартуу мекемелерин түзүүдө зор иштерди аткарган. Раззаковдун түздөн-түз катышуусу жана демилгеси менен улуттук кадрлар даярдалган. 40-50-

жылдары Раззаковдун демилгеси менен “Манас” эпосу алгачкы жолу басылып чыккан. Кыргыз элинин улуу инсаны 1979-жылы көз жумган.

**Текстен кийинки тапшырмалар**: 1. Жусуп Баласагындын “Кут билим” чыгармасы боюнча мамлекетти башкарган өкүмдарга мүнөздүү сапаттар жөнүндө окуу.
2. Ж.Мукамбаев.( КТДС 1-том 563-564-беттер.) “Сен дүйнө “ ырын көркөм окуу, маанисин чечмелөө, туура жыйынтык чыгаруу.

Сен-сен дүйнө,сен дүйнө
Кубуласың күнүгө
Бөдөнөнү кыргыйга
Жем жараткан,сен дүйнө.
Эки эгиздин бирө үн
Кем жараткан,сен дүйнө.
Бак кондуруп, башына
Зор жараткан бирө үн
Кол куушуртуп кашына
кемжараткан бирө үн.
Сен-сен дүйнө,сен дүйнө
Ким жеткен сенин түбүңө
Жарыктыкты көргөзгөн
Ууз сүтүн эмизген,
Алтын бешик терметкен
Апам кайда сен дүйнө?
Аттын атын үйрөткөн
Атам кайда, сен дүйнө?
Күмүш менен зуулаткан
Күндө сыйга куунаткан
Бапам кайда,сен дүйнө?
Сен-сен дүйнө,сен дүйнө
Кимге бапа кылгансың?
Пайгамбарды алгансың
Падышаны алгансың. Коркем
Кызыл өңдөн аздырган,
Бүтүнүңдөн тоздурган
Караңкүн,өзүң балбансың
Бүгүн көргөн эртең жок
Атаны арман,дүйнө бок
Капилет түштөй жалгансың

**3. Жыйынтыктоо: 1. “Ардактуу өмүр” документалдуу тасма боюнча иштөө.**

Исхак Раззаковдун алгачкы жардамчысы Иван Колосов:

Стиль работы И.Раззакова был отработан и отшлифован до секунды: на работу приходил обычно к девяти часам утра, как бы долго ни заседали ночами, прием посетителей строго по записи, работа с документами строго в определенное время. Заседания бюро проводились только в вечернее время-с 9 до12 ч.ночи. Вел заседания интересно и четко. Контроль за исполнением принятых решений был очень жестким. Он был настоящим государтвенным и дальновидным деятелем. В 1957 году на ХХ1 сьезде КПСС он поставил вопрос об освоении Кара-Кечинского угольного месторождения и строительстве железной дороги. “Кара-Кечинское месторождение,- говорил он с трибуны сьезда,-имеет запасы более миллиарда тонн угля, причем уголь будет добываться открытым, наиболее экономичным способом, а затраты по освоению окупятся в течение 5-6-лет.” ... Люди, работавшие с ним, боготворили его и работали не “за страх”, а “за совесть” (Слово Кыргызстана,10-10.2000;21.11.2000)

Алматыда өткөн Бүткүл союздук чоң жыйында кайсы республика мамлекетке канча эгин тапшыраары тууралуу сөз жүргөн. Ошол кезде Казакстан 1 миллиард пуд, Кыргызстан 10 миллион пуд эгин тапшыраары болжолдонуп жаткан. Сөз И.Раззаковго берилип, ал сүйлөп жатканда Н.С.Хрущев адатынча эле анын сөзүн бөлүп:

- “Исхак Раззакович! Вот Казахстан намерен дать в нынешнем году государству 1миллиард пудов зерна, А сколько сможет дать Киргизия” дейт,

И.Раззаков эч буйдалбай эле:”Киргизия вместе с братским Казахстаном сдает государству 1 миллиард 10 миллионов пудов зерна”! дегенде залдагылар кыраан каткы күлүп,

дүркүрөтө кол чабышканда Н.С.Хрущевдун өзү күлүп жиберип, кол чапканын эски кыргыз, казак жетекчилери алигиче ооздорунан түшүрүшпөйт. (бр.”Великая личность,1996)

И.Раззаковдун кийинки жардамчысы В.И.Ноговицин:

Исхак Раззакович менен командировкага барган жерлерибизде жүрбөй калганга чейин иштей берчүбүз, мейманкана, душ, мончо дегенди билчү эмеспиз, кырманда, чабандын үйүндө деле түнөй берчүбүз...

И.Раззаковду кызматынан бошоткондо ал араң гана 51 жашка чыккан. Дагы keминде 15-20 жылдай Д.Кунаев, Ш.Рашидовдордон калышпай ат салышууга кудурети да, эрки да, кадыр-баркы да жетишмек. Ошол кездери республикабыздын башкы жетекчиси катары ал кишинин Союздагы аброю бөлөк республикалардын жетекчилериникинен жогору болбосо, эч кем эместей көрүнчү! Ошого сыймыктанчубуз!

Токтосун Иязалиев, Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген ишмери.

И. Разаков Кара-Кече көмүр кени жөнүндө эмне маселе көтөргөн? 2. Орус тилинде берилген бөлүмдү кыргызча которуу. 3. Кыргыз тилинде берилген бөлүмдү орус тилине которуу.

**2. Барпы Алыкуловдун “Дүйнө сен”ырынан берилген үзүндүнү окуп, чыгарма боюнча улантып жазуу. Маанисин чечмелөө.**

Келээриңде дүнүйө,
Күмүштөн дубал ургандай,
Чырагың жанып тургандай.
Кетээриңде дүнүйө,
Дубалың көчүп жылгандай,
Чырагың өчүп сынгандай ...
Келээриңде дүнүйө,
Калыпка күмүш куйгандай,
Кышында чолпон тургандай.
Кетээриңде дүнүйө,
Калыбың жерге сынгандай,
Чолпонуң качып жылгандай.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абдраимов Жолдошбай Кулундуга Раззаковдун ысмын берели (макала). Кыргыз Туусу газетасы – Бишкек, 2006. 24-26-октябрь. – С.13.
2. Медетов Аскар . Исхак Раззаковдун ооматы жана трагедиясы (макала). Азия NEWS газетасы.– Бишкек, 2022. № 37 (466) – С.12.
3. 3.Менсеитова Рабия “Раззаков” (макала). Кыргыз Туусу газетасы. – Бишкек, 2006. – 24-26-октябрь. – С.13.
4. Иманкалыкова З. Тарых тамырын сыздаткан тагдыр ( макала) Кыргыз Туусу газетасы. – Бишкек, – 2001. – 4-6-декабрь. 7 б.
5. Эралиев З. Тарыхый инсан. “Исхак Раззаков” (макала) Кыргыз Туусу газетасы. – Бишкек, 2000. – 23-28-март. – С.9.
6. Рысбаев С.К., Сыдыкова Б.Ч. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо. – Бишкек, – 2002. – С.67-73.

7. Урманбетова Ж.К. Заманбап технологиялардын доорундагы “Мен” маселеси. И.Арабаева атындагы КМУнун Жарчысы. Вестник. Илимий журналы. – бишкек, – 2023 – 1 – С.313.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент К.Ш. Иманакунова**